**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ**
**НООКЕН РАЙОНУ**
**МАСЫ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**НООКЕНСКИЙ РАЙОН**
**МАСЫНСКИЙ АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ**

Масы айылдык Кеңешинин XXVIII чакырылышынын кезектеги XII сессиясынын
№ 3-ТОКТОМУ

Масы айылы　　　　　　　　　　　　　　　　　　　　15-апрель 2022-жыл

**Масы айыл өкмөтүнүн адмистрациясынын 14.04.2022-жылдагы сунушун негизинде.**

**Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 24-февралын-дагы «Кыргыз Республикасынын үй-бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эскерүү үрп адаттарын тартипке келтирүү боюнча чаралар жөнүндө №54 жарлыгына ылайык Масы айыл өкмөтүнүн жобосун бекитүү»**

Күн тартибиндеги маселени угуп жана талкуулап, Масы айылдык кенешинин XXVIII чакырылышынын кезектеги XII сессиясы **токтом кылат:**

1. Ноокен районунун Масы айыл аймактарында жана башка калктуу конуштарында каада салттарды, салтанаттарды жана үрп адаттарды тартипке келтирүүнү караган үйлөнүү үлпөт, үй-бүлөлүк, маарекелик салтанаттарды, маркумду эскерүү үрп адаттарын жана маркумга арналган иш чараларды өткөрүүнүн тартиби жөнүндөгү жобо бекитилсин.

2. Жобону элге жеткирүүсүн жана аткарылышын Масы айыл өкмөтүнүн башчысы А.Нарматовго тапшырылсын.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Масы айылдык Кеңешинин төрагасынын орун басары Т.Абдукаримовго жүктөлсүн.

Масы айылдык кеңешинин төрагасы　　　　　　　　　　М.Култаев

**өткөрүүнүн тартиби;**

1. Сөөк коюуда маркум менен коштошууга жана жаназа окууга катышуучулардын саны чектелбейт.
2. Сөөк коюуда жана аза күтүү ырым-жырым болуп жаткан үйдө үч күн ичинде ири бодо мал, жылкы, кой жана башка жандыктарды союуга тыюу салынат. Үч күндөн кийин бир күндү белгилеп, 1 кой союп, маркумдун эскерүүсү өткөрүлүп, боз үй бузулсун. Эскерүү учурунда дасторкон жасоодо ашыкча ысырапкерчиликке жол берилбесин.
3. Сөөк коюуда маркум чыгарылган үйдө же кошуналарынын үйүндө согум союлса, имамдар тарабынан маркумдун жаназасын окууга тыюу салынсын.
4. Маркумдун уул-кыздары жана жакындары айылдарда же кафелерде каадаларды өткөрүүгө тыюу салынсын.
5. Сөөк коюуда, той-аштарда себеттер, материалдар алып барылбасын.
6. Сөөк коюу жана аза күтүү учурунда спирттик ичимдиктерди ичүүгө тыюу салынат.
7. Сөөк коюуда, аза күтүүдө келгендерди конок кылып сыйлоого, ошондой эле жай казгандардан, сөөк жуугандардан башкаларга акча же буюмдарды берүүгө жана ырымдап сандык ачууга, "көк кийди", "ак кийди", "тон жапты" жана "жыртыш" сыяктуу ырым-жырымдарды жасоого тыюу салынат.
8. Сөөк коюудан кийин болуучу "үчтүк", "бейшембилик", "кырк", "жылдык" маркумду эскерүү ырым-жырымдары тамак-аш берүүсүз , маркумга куран окуп, бата кылуу формасында жакын туугандарынын катышуусунда өткөрүлөт. "Кырктык", "жылдык", "бейшембилик" өткөрүүгө тыюу салынсын.

## 3 Үй-бүлөлүк салтанаттарды өткөрүүнүн тартиби.

1. Айт майрамы үй бүлөлүк майрам катары белгиленсин.
2. Үйлөнүү үлпөт тойлордо ысырапкерчиликке жол бербөө жана 3 автоунаадан ашык чыгарбоо, чакырылган адамдын саны 250 дөн ашпоого тийиш.
3. Бешик той, ажы той, юбилейлер үй бүлөлүк майрам катары белгиленип, жакын туугандарынын катышуусу менен адам санын 50 дөн ашырбай өткөрүлсүн.

## 4. Жергиликтуу комиссия

1. Жергиликтүү комиссия Масы айыл өкмөтүндө түзүлөт. Анын курамына Масы айыл өкмөтүнүн, айылдык кеңешинин депутаттары, маданият

мекемесинин ардагерлери, аялдардын жана жаштардын уюмдарынан, аксакалдар сотунун, диний уюмдардын, өкмөттүк эмес уюмдардын, айылдык милиция бөлүмүнөн, жергиликтүү коомчулуктун өкүлдөрү кирет. Жергиликтүү комиссия айыл өкмөтүн башчысынын буйругу менен бекитилет.

## 5. Жобонун талаптарын бузгандык үчүн жоопкерчилик

1.Жогорудагы эрежелер сакталбаса Кыргыз Республикасынын укук бузуулар жөнүндө кодексине, жергиликтүү жамааттын уставында жана айылдын, шаардын ички мыйзамдарына жана эрежелерине каралган айып жазаларын өлчөмдөрү салынсын.
2.Жогорудагы эрежелер сакталбаса жеке жактарга 200 000 (эки жүз миң) сом айып пул салынсын.

Масы айылдык кеңешинин
жоопту катчысы Д.Акматова